Адамзат жер бетинде жаралгандан бери не бир түмөн-түрдүү уluттар,тайпа-тайпа элдер жашап өтпөдү.Алардын кээ бирлери нечендеген татаал жолдорду басып өтүп,далай кыргын-сүргүндөрдө бирде качып-бозуп,кырылып-жоюлса,бирде кырчылдаша кыл чайнап,жанын оозуна тиштеп,душманынын туусун жыгып,баш кийимин көккө ыргыткан жеңишке жетишип,бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн дилин,тилин,улуттугун сактап келсе,кээ бирлери тарыхтын гана бүктөмүндө калып,аты-жыты белгисиз болуп жок болуп кеткени жөнүндө маалыматтар бар.Нечендеген кылымдарды артка таштап,не деген оор күндөрдү баштан кечирип,көчмөн турмушта өмүрүн өткөрүп,Алтайдан Ала-Тоогочейин из калтырып,дүйнөдө теңдешсиз «Манас»деген эпосту жаратып,салт-санаа,үрп-адатын жоготпой жашап келген эл-КЫРГЫЗДАР.

Мен кыргыз элинин атуулу катары өз мекенимди,өз эли-жеримди сактоого,сүйүүгө милдеттүүмүн.Бул-менин атуулдук парзым. Ар бир адам үчүн өзүнүн эли-жери,Ата Мекени ыйык да,кымбат да. Бекеринен кыргыз эли: «Туулган жердин  топурагы-алтын»,-деп айткан эместир.Ата-бабаларыбыз сактап,бизге жеткирген мурасын көздүн карегиндей сактоо ар бирибиздин парзыбыз.Кыргыз атуулумун деген адам кыргызстандын гүлдөп өнүгүшүнө өз салымын кошуу керек,күрөшүү керек. Бизге эч ким өзүнүн жерин, жакшы нерсесин бербейт. Кел замандаш,өзүбүз үчүн жакшы жашоого умтулалы. Баарыбыз биримдикте,ынтымакта ар дайым бар бололу!

Менин кичи мекеним  Ош областындагы Өзгөн районундагы Мырза-Аке айылы.Мен айылымды өзгөчө сүйөм, кадырлайм.Ош шаары,Өзгөн шаары өзүнүн тарыхый бай мурастары менен белгилүү.Мактасаң сөз жетпейт,көрсөң кооз жерлерине көз тойбойт.Менин Мекеним-тоолорунан мөңгүсү кетпеген, асман тиреген Кара-Шоро жайлоосу,шаркырап,таштан-ташка урунуп ,дары суулуу булактары кошулуп аккан Жазы дарыясы,абазы таза кең Мекен.Мына ушундай жерде пейили кең,сыйчыл,токтоо жана эмгекти сүйгөн карапайым адамдар жашайт.

Кыргыздар өзүнүн бай тарыхы,кооз жаратылышы,улуттук кийимдери,каада-салты,музыкалык аспаптары,жада калса тамак-ашы,суусундуктары менен башка өлкөлөрдөн айырмаланат.Мекенимде канчалаган Бакай атадай акылмандар,ойчулдар,Чыңгыз,Алыкул,Саякбай,Токтогул,Элмирбек,Сүймөнкул сыяктуу талант ээлери,Ата-Журтун коргогон тайманбас Манастай баатырлар,эр жигитти,ыйманга дили толгон кыздарды тарбиялаган акылман энелер жашап өткөн.Ушундай бейиш сындуу Мекенимде дүйнө жүзүнө белгилүү адамдар эмгектенип,өмүр сүрүшөт.Мен Кыргызстанда төрөлгөнүмө

сыймыктанам!  Күн сайын эмес ,саат сайын өлкөмдүн гүлдөшүн,өнүгүшүн каалайм!

Мекеним

Кымбатым өскөн жер мекеним,
Сен десем толгонуп кетемин.
Апамдай асырап өстүргөн,
Аныңды мен актаар бекенмин.

Тоолоруң,түздөрүң,белесиң,
Көңүлгө шат болуп келесиң.
Киндик кан тамызган Ата-Журт,
Чалыксам күч,кубат бересин.

Мекендештер,Кыргызстанды сүйөлү жана даңазалайлы!!!